# КОРУТУНДУ

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана И. Раззаков атындагы кыргыз мамлекеттик техникалык университетине караштуу Д 08.23.666. диссертациялык кеңешинин эксперти, э. и. д., доцент Токсобаев Болот Темирбековичтин Карабекова Аида Камилжановнанын диссертациясы боюнча “Евразия интеграцияларын өнүктүрүүүнүн финансылык аспекттери” темасына экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденүүгө 08.00.10. финансы,акча жүгүртүү жана кредит адистиги боюнча Карабекова Аида Камилжановна изденүүчү тарабынан берилген диссертацияны карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:**

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Карабекова Аида Камилжановна тарабынан сунуш кылынган “Евразия интеграцияларын өнүктүрүүнүн финансылык аспекттери” темасындагы доктордук диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин өнүгүүсүндөгү финансылык аспекттерге изилдөө жүргүзүлөт: методологиялык аспектилери 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана кредит адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Диссертациялык иштин максаты катары:**

Евразия мейкиндигиндеги өлкөлөрдүн интеграциясынын алкагында өлкөлөрдүн туруктуу блогун калыптандыруунун кыймылдаткыч күчү катары ЕАЭБ өлкөлөрүнүн финансы системаларын жана рынокторун жакындатуу максатында ЕАЭБде финансы саясатын оптималдаштыруунун концептуалдык багыттарын иштеп чыгуу болуп саналат.

Изилдөөнүн максатына жетишүү үчүн төмөнкүдөй **өз ара байланыштагы** милдеттер коюлган жана чечилген:

- евразиялык интеграциялык процесстерди өнүктүрүүнүн өбөлгөлөрүн, спецификасын жана региондук бирикмеде финансылык интеграциянын деңгээлин баалоо методологиясын изилдөө;

- ЕАЭБде финансылык саясатты түзүүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана “финансы-экономикалык интеграция” аныктамасынын түшүндүрмөсүн берүү;

- ЕАЭБДин жалпы финансы рыногун түзүүнүн негиздерин изилдөө;

- ЕАЭБ өлкөлөрүнүн финансылык туруктуулугун камсыз кылуу максатында тобокелдиктерге баа берүү;

- ЕАЭБ төлөм балансынын жана ЕАЭБ ИДП ортосундагы байланышты аныктоо;

- ЕАЭБ өлкөлөрүнүн интеграциялык процесстеринде финансылык каналдарды өнүктүрүүнү талдоо;

- валюталык интеграциянын максатын жана милдеттерин негиздөө жана ЕАЭБдеги салыктык жана бажы чөйрөсүнүн абалын баалоо;

- ЕАЭБ финансы саясатын, атап айтканда салык, бажы жана валюта чөйрөсүндө оптималдаштыруунун концептуалдуу багыттарын иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн максатын аныктагандан кийин ырааттуу түрдө төмөнкү изилдөө этаптарына жана методдоруна жетишкен: теориялык жана уюштуруучулук-укуктук талдоо, изилдөөнүн жалпы илимий статистикалык методдору: абстрактуу-логикалык, салыштырма, түзүмдүк-функционалдык, графикалык, болжолдоо, математикалык талдоо, алар жалпысынан изилдөөнүн жыйынтыктарынын ишенимдүүлүгүн жана тыянактардын негиздүүлүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берген.

**Аткарылган иштин изилдөө объекти** – Евразия экономикалык биримдигинин мүчө мамлекеттеринин финансылык системалары жана рыноктору.

Диссертациялык изилдөөнүн объектинин изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык келиши:

1-милдет. Евразия интеграциялык процесстерин өнүктүрүүнүн өбөлгөлөрү жана спецификасы изилденген жана региондук бирикмеде финансылык интеграциянын денгээлин баалоо методологиясы изилденген (1-глава, 1.1- пункт);

2-милдет. ЕАЭБде финансылык саясатты түзүүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана “финансы экономикалык интеграция” аныктамасыны тушундурмо берилген. (1-глава, 1.1- 1.2 пункт);

3-милдет ЕАЭБдин жалпы финансы рыногун тузуунун негиздери изилденген. (2-глава, 2.1-2.2 пункт);

4-милдет. ЕАЭБ өлкөлөрүнүн финансылык туруктуулугуна баа берилген (2-глава, 2.3-пункт);

5-милдет. ЕАЭБ төлөм балансыны жана ЕАЭБ ИДП ортосундагы байланыш аныкталган (2.3 пункт)

6-милдет. ЕАЭБ өлкөлөрүнүн интеграциялык өнүгүүсүнүн финансылык каналдарын өнүктүрүүгө талдоо жүргүзүлгөн (3-глава, 3.1-пункт.);

7-милдет Валюталык интеграциянын максаты жана млидеттери негизделген жана ЕАЭБдеги салык жана бажы чөйрөсүнүн абалы бааланган.( (3-глава, 3.2-пункт);

8-милдет. ЕАЭБде, атап айтканда салык, бажы жана валюта чөйрөсүндө финансы саясатын оптималдаштыруунун концептуалдык багыттары иштелип чыккан (4-глава, 4.1., 4.2., 4.3-пункттар).

Акыркы жылдары Евразия экономикалык биримдигинин изилдөөгө анын евразия мейкиндигинде мамлекеттердин күчтүү атаандаштык биримдигин түзүүнүн маанилүү жана өсүп жаткан ролуна байланыштуу көптөгөн адистер көңүл бурушууда, ошондой эле ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн

интеграциясынын бул өлкөлөрдүн финансы рынокторун жакындатуу сыяктуу факторун карап чыгуу да чоң мааниге ээ болууда. Бирок Евразия экономикалык биpлигинин финансы рынокторунун ролун, бирликке катышуучу өлкөлөрдүн экономикалык интеграциясынын потенциалдуу натыйжаларын изилдөөгө арналган изилдөөлөрдүн олуттуу көлөмүнө карабастан, Евразия регионунда финансы рынокторунун бирдиктүү секторун калыптандырууну илгерилетүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү механизмдерди жана кыймылдуу күчтөрдү, ошондой эле анын Бирликтин өлкөлөрүнүн соодага, инвестицияларга жана башка маанилүү өзгөрүүлөрүнө тийгизген таасирлерин кароодо дагы эле кемчиликтер бар.

Дал ушулар бул теманы тандоону жана актуалдуулугун алдын ала аныктаган.

**3. Илимий натыйжалар**. Иште төмөнкүдөй жаңы, экономикалык илимдин өнүгүшү үчүн маанилүү жыйынды болуп саналган теориялык жана практикалык жыйынтыктар сунушталган:

1-жыйынтык. жалпы экономика жана экономикалык субъекттер үчүн финансы-экономикалык интеграциянын артыкчылыктары аныкталган; региондук бирикмелерде финансылык интеграциянын деңгээлин жана даражасын баалоонун кыйла адекваттуу методдору жана мамилелери аныкталган (1-глава, 1.1., 1.3-пункттары);

2-жыйынтык. «финансы-экономикалык интеграция» аныктамасынын автордук чечмелениши сунушталган (1-глава, 1.2-пункт);

3-жыйынтык. ЕАЭБдин жалпы финансы рыногун түзүүнүн этаптары бөлүп көрсөтүлгөн, финансы рыногунун маанилүү элементтеринин бирин өнүктүрүү тенденциялары аныкталган (2-глава, 2.2-пункт);

4-жыйынтык. ЕАЭБдеги финансы саясатына комплекстүү мүнөздөмө берилген өлкөлөрдүн төлөм балансынын маалыматтарынын базасында түзүлгөн; ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин тобокелдиктерин диагностикалоонун негизинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин улуттук финансы системасынын туруктуулук тобокелдиктеринин профилдери аныкталган (2-глава, 2.1-2.3 -пункттары)

5-жыйынтык.; төлөм балансын көп факторлуу корреляциялык-регрессиялык талдоонун негизинде ЕАЭБдин төлөм балансы менен ЕАЭБдин ИДПсынын ортосунда байланыш аныкталган жана 2035-жылга чейин ЕАЭБдин ИДПсын өнүктүрүү болжолу жасалган (2-глава, 2.3-пункт);

6-жыйынтык. ЕЭАБге катышуучу өлкөлөрдүн интеграциясынын финансылык каналдарын өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталган; ЕАЭБде региондук финансылык механизмдерди түзүүчү алардын негизги мүнөздөмөлөрү менен түзүмдөр аныкталган (3-глава, 3.1-пункт);

7-жыйынтык. валютадагы интеграциялык процесстердин өнүгүү өзгөчөлүктөрүн талдоонун негизинде ЕАЭБ өлкөлөрүнүн макулдашылган валюталык жана саясатын жүргүзүү максатында чаралар сунушталган жана Чанг-Май демилгесинин тажрыйбасын эске алуу менен Евразиялык валюта

фондун түзүүнүн келечектери каралган (3-глава, 3.2-пункт; 4-глава, 4.1-пункт);

8-жыйынтык. бирдиктүү рынок шарттарында экономикалык интеграциянын салык жана бажы аспекттерин өнүктүрүүгө, атап айтканда салыктык эгемендүүлүк, юрисдикциялардын атаандаштыгы, экономикаларга дем берүү, салык жана бажы саясаттарынын макулдашылгандыгы боюнча концептуалдуу мамилелер сунушталган (4-глава, 4.2., 4.3-пункттар).

3.1. *Илимий жыйынтыктардын илимий жаңылыгы, азыркы экономикалык илимдин алкагында:*

1. Бүтүндөй экономика жана экономикалык субъекттер үчүн финансы-экономикалык интеграциянын артыкчылыктары белгиленди жана региондук бирикмелерде финансылык интеграциянын деңгээлин жана даражасын баалоонун методдорру жана мамилелери аныкталды;
2. ЕАЭБде финансылык саясатты түзүүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталды жана "финансы-экономикалык интеграция" аныктамасынын түшүндүрмөсү берилди;
3. ЕАЭБДин жалпы финансы рыногун түзүүнүн этаптары бөлүндү жана ЕАЭБ финансы рыногунун негизги элементтерин өнүктүрүү тенденциялары аныкталды;
4. ЕАЭБде региондук финансылык механизмдерди калыптандыруучу алардын негизги мүнөздөмөлөрү менен түзүмдөр, ошондой эле өлкөлөрдүн төлөм балансынын маалыматтарынын базасында түзүлгөн ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин тобокелдиктерин диагностикалоонун негизинде ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин улуттук финансы системасынын туруктуулук тобокелдиктеринин профилдери аныкталды;
5. Төлөм балансын көп факторлуу корреляциялык-регрессиялык талдоонун негизинде ЕАЭБ төлөм балансы менен ЕАЭБ ИДПсынын ортосунда байланыш аныкталды жана 2035-жылга чейин ЕАЭБ ИДПсын өнүктүрүү болжолу жасалды;
6. ЕАЭБге катышуучу өлкөлөрдүн интеграциясынын: акча которуулар; чет элдик инвестициялар; улуттук валюталарды колдонуу сыяктуу келечектүү финансылык каналдарын өнүктүрүүгө талдоо жүргүзүлдү;
7. Валюта, салык жана бажы чөйрөсүндө интеграциялык процесстерди өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн негизинде ЕАЭБ өлкөлөрүнүн макулдашылган валюта, салык жана бажы саясатын камсыз кылуу үчүн чаралар сунушталган, ошондой эле Чианг-Май демилгесинин тажрыйбасын эске алуу менен Евразия валюта фондун түзүүнүн келечектери белгиленген;
8. Бирдиктүү рынок шарттарында экономикалык интеграциянын салык жана бажы аспекттерин өнүктүрүүгө, атап айтканда салыктык эгемендүүлүк, юрисдикциялардын атаандаштыгы, экономикага дем берүү, салык жана бажы саясаттарынын макулдашылгандыгы боюнча концептуалдуу мамиле сунушталды.

3.2. *Илимий жыйынтыктардын аныктыгы.* Диссертациялык изилдөөдө түзүлгөн бардык аныкталган тыянактар жана жоболор Кыргыз

Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын талдоодон жана жалпылоодон алынган ишенимдүү булактарга, ошондой эле адабий булактардын жана практикалык материалдардын кеңири чөйрөсүнө негизделген.

3.3. *Иштин теориялык мааниси* уюштуруучулук, ЕАЭБдин алкагында финансылык интеграциялык мамилелерди өнүктүрүүнүн заманбап тенденциялары жана келечектери аныкталган, бул интеграциялык өнүктүрүүнүн концептуалдык багыттарын иштеп чыгуу үчүн сунуштамаларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берген. Изилдөөнүн жыйынтыктары финансы капиталын интеграциялоо теориясын иштеп чыгуунун, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана продуктулардын интеграциялык процесстери менен бажы чөйрөсүнүн санариптик трансформациясынын жана финансылык глобализациянын ортосундагы түз жана кайтарым байланыш механизмдерин аныктоонун методологиялык негизи катары колдонулушу мүмкүн.

3.4. Диссертациялык иш 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана кредит адистигинин паспортуна ылайык келет.

**4.** Жүргүзүлгөн изилдөө ишинин **жыйынтыктарынын практикалык мааниси,** алар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүмдөрү тарабынан финансылык интеграциялык өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгуу үчүн колдонуу мүмкүндүгү менен бекемделет. Иштин жоболору жана тыянактары өзүнүн тышкы экономикалык саясатын түзүүдө финансы институттары тарабынан колдонулушу мүмкүн.

Иштин негизги жоболору жана тыянактары Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде «Бажы иши», «Салык жана салык салуу» дисциплиналары боюнча курстарды окутууда колдонулган жана колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган максатка жана изилдөө милдеттерине толук ылайык келет. Авторефератта диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору баяндалган, кыйла олуттуу тыянактар жана корутундулар келтирилген. Авторефератта кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей резюмеси бар

Коргоого коюлуучу тыянактар жана жоболор түзүлгөн, жарыялоолордо алынган жыйынтыктар менен макулдашылган.

**6. Эскертүүлөр:**

Төртүнчү главада бирдиктүү рынок шарттарында экономикалык интеграциянын салыктык аспекттерин өнүктүрүүнү, атап айтканда салыктык эгемендүүлүк, юрисдикциялардын атаандаштыгы, экономикаларды дем

берүү, салык саясаттарынын ырааттуулугу, оффшордук зоналарда капиталды чыгарууну төмөндөтүүнү терең чагылдыруу керек.

**7. Сунуштар:**

Диссертацияда ЕАЭБ өлкөлөрүндө салык саясатын оптималдаштырууга байланышкан бир катар өтө маанилүү милдеттерди кыйла кеңири ачуу зарыл.

**8. Сунуштамалар:**

Карабекова Аида Камилжановнанын диссертациясы боюнча төмөнкүлөрдү дайындоону сунуштайм:

***- жетектөөчүү уюмга:*** 720900, Кыргыз Республикасы, Жалалабат шаары, Жени жок 30 көчөсүндөгү, К.Ш.Токтомаматов атындагы эл аралык университетинин " Финансы жана кредит" кафедрасын;

***- биринчи официалдуу оппонентке*** – Джолдошева Тамара Юлдашевнаны, экономика илимдеринин доктору, профессор, М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин профессору (*автореферерат боюнча адистиги* - 08.00.10; 08.00.05);

1. Джолдошева, Т.Ю. К вопросу о финансовом регулировании экономики государства // Вестник КГНУ. Труды ИИМОП. – 2000. – выпуск 2. – С. 38-40.

2. Джолдошева, Т.Ю. Интеграционные процессы в финансовом секторе ЕАЭС // М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кабарлары. – 2019. – № 2. – С. 55-58.

3. Джолдошева, Т.Ю. Анализ динамики и структуры таможенных платежей в Кыргызской Республике // Сибирская финансовая школа. – 2024. – №1 (153). – С. 43-49.

***- экинчи официалдуу оппонентке*** – экономика илимдеринин доктору, Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин профессору Кочербаева Айнура Анатольевнаны (*автореферерат боюнча адистиги* - 08.00.01)

1. Кочербаева, А.А. Евразийская экономическая интеграция: проблемы, реалии и перспективы развития // Россия, тенденции и перспективы развития. – 2017. – № 1. – С. 306-311.

2. Кочербаева, А.А. и др. Современные тенденции экономической интеграции как условие социально экономического развития Кыргызской Республики // журнал ВАК: «Гуманитарные, социально-экономические и общественные науки. – 2021. – С. 216-221.

3. Кочербаева, А.А. и др. Новые тренды миграции в Евразии в контексте интеграционных процессов / /Научная жизнь. – 2023. – № 1 (12). – С. 241-248.

- ***Үчүнчү официалдуу оппонентке*** - Кулуева Чинара Раимкуловнаны, экономика илимдеринин доктору, профессор, Ош мамлекеттик университетинин, Бизнес жана Менеджмент факультетинин профессору (*автореферерат боюнча адистиги* - 08.00.10; 08.00.05).

1. Кулуева, Ч.Р. и др. Некоторые вопросы о роли экономической безопасности в мировом экономическом сообществе // Вестник ОшГУ. – 2023. – №1 (2). – С. 2-7.
2. Кулуева, Ч.Р. Кризистин жогорулашы шартында чарба субьектилеринин каржы абалын талдоодогу теориялык аспектилер // Ош МУнун жарчысы. – 2024. – №1 (4). – С. 177-184.
3. Кулуева, Ч.Р. ж.б. Туруксуздук шарттарда банкроттук институтунун заманбап көйгөйлөрү: тышкы жана ата мекендик аспектилер // ОшМУнун жарчысы. – 2024. – №1 (4). – С. 164-171.

**9. Корутунду.** Карабекова Аида Камилжановнанын «Евразия интеграцияларын өнүктүрүүнүн финансылык аспекттери» темасындагы диссертациясы илимий-теориялык деңгээлде аткарылган, колдонмо мүнөзгө ээ болгон өз алдынча бүткөн илимий изилдөө болуп саналат, бул ишке киргизүү актылары менен ырасталган. Диссертация КРП УАКтын талаптарына ылайык келет жана Д. 08.23.666 диссертациялык кеңешинде ачык коргоого сунушталат.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти, Карабекова Аида Камилжановна сунуштаган документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы Д 08.23.666 диссертациялык кеңешине 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана кредит адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган «Евразия интеграцияларын өнүктүрүүнүн финансылык аспекттери» темасындагы диссертацияны кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперт,**
**э.и.д., доцент** **Токсобаев Б.Т.**

**ДК окум. катчысы,**
**э.и.д., доцент** **Есеналиева Б.Б.**

Кол коюу анык экендигин ырастайм: